# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН
# АНЫКТАМАСЫ

Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун жана Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2023-жылдын 7-марты Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: К.Дж. Кыдырбаев, Ч.А. Айдарбекова, К.А. Дуйшеев сот отурумунун катчысы К.А. Аблакимовдун катышуусунда Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун жана Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун өтүнүчүн карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

2023-жылдын 7-февралында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна М.М. Жорокуловдун жана Н.У. Кочкоровдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 77-беренесинин 3-бөлүгүндөгү "Токтом жана негизги өндүрүштөн бөлүнүп алынган материалдар мөөрлөнүп чапталган конвертке салынат, ал андан ары кылмыш ишин териштирген органда сакталат жана анда камтылгандар менен тергөөчүдөн тышкары прокурор жана сот тааныша алат" деген ченемдик жобо Конституциянын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 4-бөлүгүнө жана 100-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арызданууучулардын айтымында, адвокат Н.У. Кочкоров тергөө органы жана соттор тарабынан кылмыш иш боюнча «жашыруун конвертке» салынган күбөнүн көрсөтмөлөрү менен таанышуу жөнүндө өтүнүч менен кайрылганда,

талашылып жаткан ченемге шилтеме жасашып, анын мындай өтүнүчү алар тараптан канааттандырылбай келет.

М.М. Жорокулов жана Н.У. Кочкоров өздөрүнүн жүйөлөрүнүн негиздемеси катары тараптардын тен укуктуулугун жана атаандаштыгын, мыйзамдын жана соттун алдында бардыгынын теңдик конституциялык принцибин ачыктаган Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 21-сентябрындагы чечимине шилтеме жасашкан.

Кайрылуу субъекттеринин пикиринде, талашылып жаткан ченемге ылайык, тергөөчү, прокурор жана сот гана конвертке салынган материалдар менен тааныша алат, ал эми айыпталуучу жана анын адвокаты аны менен тааныша албай, Конституцияда көрсөтүлгөн мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей деген принциптин бузулушуна күбө болуп келүүдө.

Мындан тышкары, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты менен айыпталуучуну жана анын жактоочусун натыйжалуу коргоону камсыз кылуу үчүн маанилүү болуп саналган кепилдиктер берилген. Аларга ылайык, айыпкерге айыптоочу тарапта болгон бардык күбөлөрдүн катышуусун талап кылуу жана суракка алуу үчүн бирдей юридикалык ыйгарым укуктар кепилденген, бирок бул кепилдик айыпталуучунун же алардын жактоочуларынын өтүнүчү боюнча кандайдыр бир күбөнү чакырууга чексиз укук бербейт, коргоого тиешелүү болгон күбөлөрдү сот өндүрүшүнүн кайсы бир стадиясында суроого, ошондой эле суракка алуу жана ага каршы көрсөтмөлөргө каршы пикир билдирүүгө, суракка алуу үчүн адекваттуу мүмкүнчүлүктөргө ээ болуу укугун берерин белгилешкен.

Жогоруда баяндалганды эске алуу менен, М.М. Жорокулов жана Н.У. Кочкоров талашылып жаткан ченемдик жобонун конституциялуулугун текшерип берүүнү суранышат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык

текшерүү жүргүзгөн судья-баяндамачы К.Дж. Кыдырбаевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 26-беренесине ылайык ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарына жооп берген өтүнүч түрүндөгү кайрылуу Конституциялык сотто ишти кароого себеп болуп саналат.

Судьялар коллегиясы келтирилген материалдардан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 77-беренесинин 3-бөлүгүнүн "Токтом жана негизги өндүрүштөн бөлүнүп алынган материалдар мөөрлөнүп чапталган конвертке салынат, ал андан ары кылмыш ишин териштирген органда сакталат жана анда камтылгандар менен тергөөчүдөн тышкары прокурор жана сот тааныша алат" деген ченемдик жобосунун Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселесинде аныксыздыктын пайда болуусу байкалат жана бул ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароого негиз бар деп эсептейт.

Жарандар М.М. Жорокуловдун жана Н.У. Кочкоровдун өтүнүчү «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 19, 21, 26, 27, 28-беренелеринин талаптарына жооп берет.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2, 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Жарандар М.М. Жорокулов жана Н.У. Кочкоровдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 77-беренесинин 3-бөлүгүнүн "Токтом жана негизги өндүрүштөн бөлүнүп алынган материалдар мөөрлөнүп чапталган конвертке салынат, ал андан ары кылмыш ишин териштирген органда сакталат жана анда камтылгандар менен

тергөөчүдөн тышкары прокурор жана сот тааныша алат” деген ченемдик жобосунун Конституциянын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 4-бөлүгүнө жана 100-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерип берүү жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.

2. Ушул аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: К.Дж. Кыдырбаев

Ч.А. Айдарбекова

К.А. Дуйшеев

№______